Автор: Маматкулов Абдырасул Токоевич
Композитор: Маматкулов Абдырасул Токоевич
Аткаруучу: Маматкулов Абдырасул Токоевич

Жанарым

Ак-куудай боюң буралып,

Ак халат кийсең суналып.

Ак денең сенин мөлтүрөй,

Айпери сымал нурданып.

Кайырма:

Жана-жана-жанарым ,оо,

Сагындым жүрөгүм, оо.

Ак балыктай чубалып,

Ак көйнөк кийсең буралып.

Ак бетиң сенин мөлтүрөйт,

Ак мөңгү сымал нурданып.

Кайырма:

Ак жолук турсаң салынып,

Ай нуру сагы агылып.

Ак тамагың мөлтүрөй,

Ак бермет алсаң тагынып.

Кайырма: